**Табигый илимдер жана математика** кафедрасынын № 2- протоколу

**Ош шаары** **15.09.2022**

**Катышкандар:** Кафедранын жалпы мүчөлөрү: 17

Катышканы: 15

катышпаганы: 2

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. «**Ош мамлекеттик университетинин туруктуу өнүгүү модели**" стратегиялык программасы менен талкуулоо;

2. Ар турдуу маселелер;

**Жогорудагы маселелер боюнча кафедранын доценти Тешебаева У.Т** сөз суйлөдү:

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 "Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө", - деген Жарлыгын аткаруу максатында «Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүүнүн модели" стратегиялык программасы иштелип чыккандыгын айтып отуп, ал жонундо кафедранын ар бир мучосу таанышып кабардар болуусу керектигине токтолду.

Коюлган милдеттердин олуттуулугун жана жаштарга сапаттуу билим берүүнүн зарылдыгын эске алуу менен, ОшМУнун негизги максаты - бир гана билим берүү менен чектелбестен, эң башкысы келечектеги ийгиликтерге багытталган көрө-билүү жөндөмүн өнүктүрүү болуп санала тургандыгын, стратегиялык план бул «Илим менен өндүрүштүн ортосундагы жетишсиз байланыштан ата мекендик илимдин прогрессивдүү технологиялык чечимдерин өндүрүшкө жана өнөр жай секторуна киргизүү менен дүйнөлүк илимий мейкиндикке чыгууга» өтүү боюнча университеттин потенциалынын комплекстүү өнүгүүсүнүн, университеттин алдында туруктуу өнүгүү милдеттери туралыгын корсотулгондугун маалымдады. Бул аракеттер дүйнөнүн алдыңкы изилдөө университеттеринин глобалдык коомчулугуна интеграциялануууга - QS World University Rankings by Subject боюнча: искусство жана гуманитардык илимдер боюнча ТОП-501ге, инженерия жана технология боюнча ТОП-524кө, ТОП-503тө жашоо жөнүндө илим жана медицина, ТОП504те табигый илимдер, QS Asia University Rankings: Central Asia ТОП-44кө, QS World University Rankings: Sustainability TOP-701ге, QS World University Rankings TOP-829га кирүүгө мүмкүндүк берерин, университеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуусун милдет экендигин айтты.

Андан кийин жарыш созго кафедранын доценти Алиева Ч.М.: учурдагы абалга сересеп, ишке ашыруунун максаттуу индикаторлору, керектелуучу ресурстар ж.б. маселелер боюнча кенен токтолду.

Кафедранын башка мучолору да оз ойлорун ортого салып, томонкудой чечимге келишти.

**ТОКТОМ кылат:**

1. «Ош мамлекеттик университетинин туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасы менен терен таанышуу менен иш жузуно ашырууга салым кошууга милдеттендирилсин.

2. «Ош мамлекеттик университетинин туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык программасы менен кафедранын кенешмесинде талкуулангандыгын деканатга кабарлансын.

**Табигый илимдер жана математика кафедрасынын башчысы, ф-м. и. д., профессор** **Курбаналиев А. Ы.**

**Катчы** **Дильмурат к. К.**